**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. №80 /12-9** **Кара-Көл шаары**

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамын бекитүү” жөнүндө сунушун жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткanованын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 токтому менен бекитилген “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө “ жобонун талаптарын жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат**

1. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамы тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркеме тиркелет)
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин 11.12.2024-ж. №05/9-2 сандуу токтому тиркемеси менен жокко чыгарылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын мэриясына (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А. Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Тиркеме**
**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**25.12.2025-ж. кезектеги XII**
**сессиясынын №80/12-9 сандуу**
**токтому менен бекитилди**

**Дем берүүчү ( үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамы**

1) Кимсанов Ч.А.- шаардык кеңештин төрагасы, комиссиянын төрагасы;
2) Сагыналиева Г.Р.-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын башкы адиси, комиссиянын катчысы;

**Комиссия мүчөлөрү:**

3) Сатыбалдиев У.К.- Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси;
4) Абытканова Р.- Кара-Көл шаардык аялдар кеңешинин төрайымы;
5) Бокоев У.Ш.- Кара-Көл шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын башчысы;
6) Көлбаев К.К.- Кара - Көл шаардык аксакалдар кеңешинин төрагасы;
7) Анашов С.- Кара - Көл шаардык аксакалдар сотунун төрагасы;
8) Мусуралиева Г.К.- Кара - Көл шаардык бюджеттик, муниципалдык мекемелердин профсоюз уюмдарынын шаардык комитетинин төрайымы;
9) Мадемирова А.Т.- жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин мүчөсү.

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. 81/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын М.Сабиров көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 50,28 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-статьясына ылайык Кара-Көл шаарынын М.Сабиров көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 50,28 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө шаардык мэриянын кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын бул маселе боюнча корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын М.Сабиров көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 50,28 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына
(Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. 82/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Кетмен-Төбө айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 1000,62 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 11-статьясына ылайык Кетмен-Төбө айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 1000,62 чарчы метр жер тилкесин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө шаардык мэриянын кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын бул маселе боюнча корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кетмен-Төбө айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 1000, 62 чарчы метр жер тилкесинин багыты шаардык мэрия тарабынан калктуу конуш багытына трансформациялангандан кийин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө коомдук алдын алуу борборун куруу үчүн акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫККЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. № 83/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын ички Серый жана Ленин көчөлөрүнүн мамлекеттин эсебинен асфальт -бетон төшөлгөн 3,5 чакырым аралыктагы жолдорун жана Чаргынов көчөсүнүн 0,5 чакырым аралыктагы жолун баланстык баалары менен Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн , Кыргыз Республикасынын “ Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө “ Мыйзамынын 6-беренесин жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.С.Джуробаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат**:

ара-Көл шаарынын ички Серый жана Ленин көчөлөрүнүн мамлекеттин эсебинен асфальт -бетон төшөлгөн 3,5 чакырым аралыктагы жолдорун жана Чаргынов көчөсүнүн 0,5 чакырым аралыктагы жолун баланстык баалары менен Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алууга макулдук берилсин.

ара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) мамлекеттик мүлктү муниципалдык менчикке мыйзам чегинде өткөрүп алсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга ( Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев) , ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. 84/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын Ленин көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 617,10 чарчы метр жер тилкесин мамлекеттик салык кызматына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-статьясына ылайык Ленин көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 617, 10 чарчы метр жер тилкесин мамлекеттик салык кызматына имарат куруу үчүн акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө шаардык мэриянын кайрылуусун жана шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарынын Ленин көчөсүндө жайгашкан жалпы аянты 617,10 чарчы метр жер тилкесин мамлекеттик салык кызматына имарат куруу үчүн акысыз өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми аткарылышын көзөмөлдөө жагы өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

**25.12.2025-ж. № 85/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин жана типтүү келишимин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 " Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде Кара-Көл шаарынын мэриясынын 15.12.2025-жылдагы №01-20/8373 сандуу катындагы Кара-Көл шаарынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин жана типтүү келишимин бекитип берүү жөнүндө кайрылуусун, Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат**:

1. Кара-Көл шаарынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кара-Көл шаарынын көмүү жайын брондоо жөнүндө типтүү келишим 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кара-Көл шаарынын мэриясына ( Н.О.Орозбаев), Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына ( Т.М.Доулдаев) өз ишмердүүлүгүндө ушул токтомду жетекчиликке алуу жагы милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

Кара-Көл шаардык кеңешинин
25.12.2025-жылдагы кезектеги

XII сессиясынын № 85/12-9
токтомуна 1- тиркеме

## Кара-Көл шаарынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби

### 1-глава. Жалпы жоболор

1.Ушул тартип Кара-Көл шаарынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо (мындан ары - брондоо) эрежелерин, анын ичинде шарттарын, мөөнөттөрүн, наркын жана тариздөө жол-жобосун аныктайт.

2. Ушул Тартиптин максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- жарандардын сөөгүн жайга кадыр-барктуу коюуга болгон укуктарын камсыз кылуу;
- санитардык, экологиялык, шаар куруу жана диний-маданий ченемдерди сактоо;
- көрүстөндөрдү эсепке алууну жана натыйжалуу башкарууну системалаштыруу;
- кызмат көрсөтүүнүн жана пайдалануунун ачык-айкын механизмин түзүү.

3. Укуктук негизи: - Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы № 296 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы № 67 "Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтому;
- башка ченемдик укуктук актылар.

4. Ушул Тартипте төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:
**көмүү жайларын брондоо** (мындан ары - брондоо)- арыз ээси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтын ортосундагы келишимдин негизинде ишке ашырылуучу көмүү жайларын резервдөө.
**Брондоо укугу** - нике күбөлүгү болгон учурда жубайына таандык. брондоо келишими - арыз ээси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматтын ортосундагы жазуу жүзүндөгү келишим; көмүү жайларынын реестри - көмүү үчүн көрүстөн боюнча бош жана ээленген жайларды эсепке алуунун маалыматтык системасы.

5. **Көмүү жайларын брондоо** төмөнкүлөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт: - санитардык жана экологиялык талаптарды;
- шаар куруу талаптарын;
- диний, этностук жана маданий салттарды.

### 2-глава. Көмүү жайларын брондоонун наркын эсептөө

6. Көмүү жайларын брондоонун наркы төмөнкү формула боюнча аныкталат:
БН = ЭК + К, мында:
БН - брондоонун наркы,
ЭК - административдик-аймактык бөлүүнүн градациясы боюнча аныкталуучу эсептик көрсөткүч (республикалык маанидеги шаарлар үчүн - 1000 (бир миң), облустук маанидеги шаарлар - 750 (жети жүз элүү) жана райондук маанидеги шаарлар жана айылдар - 500 (беш жүз).

### 3-глава. Көмүү жайларын брондоо тартиби

7. Көмүү жайларын брондоо үчүн арыз ээси Бирдиктүү идентификациялоо системасы аркылуу авторизациялоону пайдалануу менен Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук форматта арыз берет.
Электрондук форматта арыз берүү Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу жүзөгө ашырылат. Арыз ээсин авторизациялоодо жана көмүү жайларын ээлөөгө электрондук өтүнмөнү тариздөөдө, зарыл документтер суралат жана санариптик

форматта болгондо ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын пайдалануу менен автоматтык түрдө жүктөлөт.
Эгерде талап кылынган документтер ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасында жок болсо, анда арыз ээси тиешелүү кагаз жүзүндөгү документтердин санариптик дубликатын өз алдынча электрондук өтүнмөгө тиркеши керек:
- арыз ээсинин паспорту;
- туугандыгын ырастаган документ (нике тууралуу күбөлүк);
- Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген белгиленген үлгүдөгү өлгөндүгү тууралуу маалымкат.
8. Арыз автоматтык түрдө маалыматтык системага катталган күндөн тартып 14 жумушчу күнүнөн ашпаган мөөнөттө каралууга тийиш. Көмүү жайын брондоо жөнүндө арыз катталган учурдан тартып жана шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы тиешелүү чечим кабыл алганга чейин суралган жай убактылуу брондолгон болуп эсептелет. Ушул мезгилдин ичинде ал башка жактарга берилбейт. Брондоодон баш тартылган учурда баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган датадан тартып убактылуу брондоо жокко чыгарылат.
9. Жубайы мурда жерге берилген жайга жанаша жайды брондоо, брондоонун наркы толук төлөнгөндөн кийин гана жүргүзүлөт. Акы төлөнгөндөн кийин арыз ээси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат менен брондоо боюнча келишим түзөт. Төлөнгөн каражаттар кайтарылууга жатпайт.
10. Көмүү жайларын брондоо мөөнөтүн узартуу электрондук арыз боюнча колдонуудагы мөөнөт аяктаганга чейин 3 ай калгандан кечиктирилбестен ишке ашырылат. Арыз жок болсо брондоо жокко чыгарылды деп эсептелет. Көмүү жайларын брондоо мөөнөтү 10 жыл, кийин ушундай эле мезгилге узартуу мүмкүнчүлүгү менен.
11. Акы төлөө фактысы квитанция же онлайн чек менен ырасталат, анын көчүрмөсү келишимге тиркелет. Көмүү жайларын брондоо акысы арыз ээси тарабынан накталай же накталай эмес формада шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын эсебине төлөнөт. Мында акы төлөө шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан оң чечим кабыл алынгандан кийин, бирок брондоо келишими түзүлгөнгө чейин жүргүзүлөт.
12. Брондоо келишиминде төмөнкүлөр камтылышы керек:
- тараптардын реквизиттери; - брондоонун шарттары;
- тараптардын жоопкерчилиги жана башкалар маселелер.
13. Жасалма брондоо деп жасалма документтерди же жалган маалыматтарды пайдалануу менен же андан ары үчүнчү жактарга өткөрүп берүү максатында келишимди жол-жоболоштуруу таанылат. Мындай фактылар аныкталган учурда келишим жокко чыгарылат, ал эми жасалма брондоого жол берген адамдар мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылат.
**4-глава. Көмүү жайларын брондоодон баш тартуу үчүн негиздер**
14. Көмүү жайларын брондоодон баш тартуу үчүн негиздер болуп төмөнкүлөр эсептелет:
1) сөөгү жерге берилген жубайынын жанында бош жайдын жоктугу;
2) төмөнкү ырастоочу документтердин жоктугу:
- арыз ээсинин паспорту; - туугандыгын ырастаган документ (нике тууралуу күбөлүк);
- Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген белгиленген үлгүдөгү өлгөндүгү тууралуу маалымкат;
3) мурда белгиленген брондоо эрежелерин бузуу.
15. Көмүү жайларын брондоодон баш тартылган учурда арыз ээси кабыл алынган чечимге төмөнкүлөргө арыздануу жолу менен даттанууга укуктуу: 1) арызды кайра кароо өтүнүчү менен баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына

же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызматка; 2) же болбосо ушундай кайрылууларды кароого ыйгарым укуктуу жогору турган мамлекеттик органга.
Даттануу “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте жана мөөнөттө жазуу жүзүндө же электрондук формада берилет.
Сотко чейинки даттанууну берүү арыз ээсинин Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык сот органдарына кайрылуу укугун жокко чыгарбайт. Сот тартибинде даттануу баш тартуу жөнүндө чечимди же сотко чейинки даттанууга жоопту алган күндөн тартып 30 күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

**5- глава. Каражаттардын пайдаланылышын контролдоо жана отчёттуулук**

16. Шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы брондоо акысын төлөөнүн эсебинен келип түшкөн каражаттардын өзүнчө эсебин жүргүзүүгө милдеттүү. Бул каражаттарды пайдалануу боюнча жыл сайын отчёт берилиши керек. Отчёт тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында же маалымат такталарында жайгаштырылат жана коомчулук үчүн жеткиликтүү болот.
17. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттар көрүстөндөрдү көрктөндүрүү, күтүү жана өнүктүрүү менен байланышкан иш-аракеттерди максаттуу каржылоого жумшалышы мүмкүн. Мындай багыттарга төмөнкүлөр кирет:
1) көрүстөндөрдүн инфраструктурасын (жолдорду, жарыктандырууну, тосмолорду) күтүү жана жакшыртуу;
2) жашылдандыруу жана бак-дарактарга кам көрүү;
3) суу менен жабдууну жана санитардык абалды камсыз кылуу;
4) көмүү жайларынын электрондук реестрин түзүү;
5) көмүүнүн тиешелүү шарттарын камсыз кылуу менен түздөн-түз байланышкан башка чыгымдар.
18. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттардын пайдаланылышын контролдоо жергиликтүү кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.
19. Көмүү жайларын брондоодон келип түшкөн каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралган.

**6- глава. Кошумча жоболор**

20. Шаардык муниципалдык менчик башкармалыгы төмөнкүлөргө милдеттүү:
1) көмүү үчүн бош жайлардын абалын, аларды эсепке алууну жана пайдаланууну контролдоого;
2) көрүстөндөрдө бош жайлардын бар экендиги, брондоо мөөнөттөрү жана байланыш маалыматтары жөнүндө көмүү жайларынын электрондук реестрин жүргүзүүгө. Маалыматтар кварталда бир жолудан кем эмес жаңыланат. Эсепке алуу тартибин бузуу кызмат адамдарынын жоопкерчилигине алып келет.
21. Тараптар көмүү жайларын брондоого байланышкан бардык талаш-тартыштарды жана пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечет жана пикир келишпестиктерди жөнгө салуу мүмкүн болбогон учурда соттук тартипте чечилет. 22. Ушул Тартиптин жоболорун бузгандыгы үчүн күнөөлүү жооптуу кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик же башка жоопкерчилик тартат.

Жооптуу катчы Нурматова К.И.

Кара-Көл шаардык кеңешинин

25.12.2025-жылдагы кезектеги
сессиясынын №85/12-9
токтомуна 2-тиркеме

Кара-Көл шаарынын көмүү жайын брондоо жөнүндө типтүү келишими

1. Келишимдин тараптары Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат) ____________________________________мындан ары "Аткаруучу" деп аталуучу, _____________________________________________ атынан ____________________ ______ негизинде иш алып баруучу бир тараптан, мындан ары "Заказчы" деп аталуучу, паспорту: сериясы ______ № _________, датасы ____________________________________________ _____________тарабынан берилген, ________________________________ дареги боюнча жашаган жаран ______________________________ экинчи тараптан, мындан ары бирге "Тараптар" деп аталып төмөнкү келишимди түздү:

2. Келишимдин предмети Аткаруучу Заказчынын каза болгон жубайынын (аты-жөнү) ________________________________________ сөөгү көмүлгөн жайдын жанына кийин Заказчыны көмүү максатында _____________________________________ дареги боюнча жайгашкан ____________________________ көрүстөндүн аймагындагы жердин бош участогун брондоого милдеттенет, ал эми Заказчы брондоо үчүн акы төлөөгө жана ушул келишимдин шарттарын сактоого милдеттенет.

3. Брондоо шарттары

3.1. Брондоо төмөнкүлөрдүн негизинде жүргүзүлөт:

- Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген белгиленген үлгүдөгү өлгөндүгү тууралуу маалымкат;
- туугандыгын ырастаган документ (нике күбөлүгү же башка);
- Заказчынын инсандык күбөлүгү.

3.2. Жай 10 жылдык мөөнөткө брондолот.

3.3. Заказчыга бул жайга болгон укукту ээликтен ажыратууга, үчүнчү жактарга сатууга, берүүгө же өткөрүп берүүгө тыюу салынат.

3.4. Заказчы брондолгон жайды пайдалануудан баш тарткан учурда төлөнгөн каражаттар кайтарылбайт.

4. Төлөө тартиби

4.1. Брондоо боюнча кызмат көрсөтүүнүн баасы _____ сомду түзөт.

4.2. Акы төлөө акча каражаттарын бир жолу төлөө менен жүргүзүлөт.

4.3. Аткаруучунун эсебине каражаттар келип түшкөн дата акы төлөнгөн учур деп эсептелет.

5. Тараптардын укуктары жана милдеттери

5.1. Заказчы төмөнкүлөргө милдеттенет:

- зарыл болгон документтерди берүүгө; - толук көлөмдө акы төлөөгө;
- көрүстөндүн эрежелерин сактоого.

5.2. Аткаруучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

- акы төлөнгөн учурдан тартып ___ жумуш күндөн кеч эмес мөөнөттө брондоого;
- Заказчыга ырастоочу документти берүүгө.

6. Тараптардын жоопкерчилиги Ушул келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7. Келишимди колдонуу мөөнөтү Ушул келишим кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана ________________________________________________________ чейин колдонулат.

8. Келишимди токтотуу

8.1. Ушул келишим төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

- Тараптардын макулдашуусу боюнча;
- Заказчынын демилгеси боюнча - бузуу болжолдонгон датага чейин календардык күндөн кем эмес убакытта Аткаруучуга кабарлоо менен. Ошол эле учурда төлөнгөн каражаттар кайтарылбайт;
- Аткаруучунун демилгеси боюнча — Заказчы тарабынан берилген жасалма же анык эмес документтер аныкталган же алар ушул келишимдин шарттарын бузган учурда;
- келишимди колдонуу мөөнөтү аяктаса, эгерде ал узартылбаса;
- Заказчы каза болгон жана сөөгү кийин башка жайга көмүлгөн учурда;
- Тараптардан көз каранды болбогон себептер боюнча келишимди аткаруу мүмкүн болбогон учурда (форс-мажор, көрүстөндү жоюу, мыйзамдарды өзгөртүү ж.б.).

8.2. Келишим Заказчы тараптан бузууларга байланыштуу эмес, Аткаруучунун демилгеси боюнча токтотулган учурда төлөнгөн акча каражаттары толук көлөмдө кайтарылууга тийиш.

9. Башка шарттар

9.1. Ушул келишим боюнча келип чыккан бардык талаш-тартыштар мыйзамдарда белгиленген тартипте чечилүүгө тийиш.

9.2. Ушул келишим эки нускада түзүлдү, алар бирдей юридикалык күчкө ээ жана ар бир Тарап үчүн бирден берилет.

9.3. Тараптардын реквизиттери

| Аткаруучу: | Заказчы: |
|---|---|
| Аталышы______________________ | Аты-жөнү:____________________ |
| Дареги ________________________ | Дареги: ______________________ |
| ИСН/ОКПО: ___________________ | Паспорту: ____________________ |
| Тел: _________________________ | ______________________________ |
| Өкүлү: ________________________ | Тел: ____________________ |
| Колу: ___________________ /М.О./ | Колу: ___________ |

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ КАРА-КӨЛ ШААР АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**25.12.2025-ж. № 86/12-9** **Кара-Көл шаары**

**Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон спортчуларды жана алардын машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу М.С.Султаналиеванын Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон спортчуларды жана алардын машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө кайрылуусун **,** Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча жана туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон спортчуларды жана алардын машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнө ( М.С.Султаналиева), ал эми көзөмөлгө алуу жагы Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Ш.А. Токтосунов) жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына ( Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

Кара-Көл шаардык кеңешинин
25.12.2025-жылдагы кезектеги
XII сессиясынын № 86/12-9
токтомуна 1- тиркеме

**Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон спортчуларды жана алардын машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө**

**ЖОБО**

Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын, чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон спортчуларын жана алардын машыктыруучуларын сыйлоо жөнүндө.

## 1. Жалпы Жобо

1.1. Бул жобо Кара-Көл шаарынын атуулдарын сергек жашоого, кылмыштуулукка каршы үндөөгө, дене тарбия жана спортко кызыктыруу менен чоң спортко алып чыгуу максатында жана алардын эсебин алуу, сыйлоо тартибин иретке келтирүү, ошондой эле шаарда спорт тармагын өнүктүрүү үчүн түзүлдү.

1.2. Олимпиадалык, Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикалык чемпионаттардын, эл аралык мелдештерде байгелүү орунга ээ болгон жеңүүчүлөрүн жана машыктыруучуларын сыйлоого колдонулат.

1.3. Кара-Көл шаарынын спортчуларынын, машыктыруучуларынын ишин баалоо тартибин, шаардагы спорт тармагына кошкон салымын жана жол жобосун аныктайт.

1.4. Бул жобону колдонуу Кара-Көл шаарынын машыктыруучуларынын жана спортсмендеринин ишинин жыйынтыгын баалоо менен шаардын курама командасынын мүчөсү болгон (шаар ичинде такай машыккан) бардык машыктыруучуларына жана спортчуларына колдонулат.

1.5. Жеңишке ээ болгон спортчуларды жана машыктыруучуларды сыйлоо Кара-Көл шаардык кеңеши тарабынан бекитилет.

1.6. Жеңүүчүлөрдүн утушка ээ болгондугу, сыйлоого ээ болгон мелдеште байгелүү орунду алгандыгы тууралуу төмөндөгү тастыкталган документтердин негизинде жүргүзүлөт:

- спорттук мелдештин протоколунун көчүрмөсү жана сетка боюнча финалга чыккан спортчу 2ден көп беттеш өткөргөндүгү тууралуу маалыматы;
- спорттук мелдештин медалы, дипломy;
- спорттук мелдеш учурунда интернет булактарына жайгаштырылган маалымат;
- көрсөтүлгөн документтин оригиналдуулугуна спортчуну катыштырып келген машыктыруучу спортсмендерди тастыктап, документтерди толук алып келүүсүнө, жалпылыгына спорттук мелдештин байгелүү орундарынын жыйынтыгы боюнча өздүк машыктыруучусу жооп берет;
- спорттук мелдештин жыйынтыгы боюнча фото, видео отчеттор.

1.7. Сыйлоого сунушталган мелдештерди, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агентиги тарабынан таанылган жана календардык иш-планында болуусу зарыл. Спортчуну сыйлыкка, грамотага сунуштоо үчүн спортсмендин машыккан спорт мектебинен жана спорттун түрү боюнча тийиштүү федерациясынан сунуштаган протоколдук кеңешмеси, мелдешке барып келгендиги тууралуу тактамасы болуусу зарыл.

1.8. Машыктыруучу акчалай сыйлык менен сыйланыш үчүн Кара-Көл шаарына караштуу

спорт мектептеринде же шаардык спорт федерацияларында (аталган спорттун түрү боюнча) иштөөсү зарыл.

## 2. Сыйлоо боюнча комиссиянын сандык жана сапаттык курамы

2.1. Сыйлоо маселесинде объективдүү жана калыс сыйлоону камсыз кылуу максатында Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн буйругу менен сыйлоо боюнча комиссия түзүлөт ( мындан ары комиссия) . Сыйлоо боюнча комиссиянын жалпы курамы 7 кишиден ашпоого тийиш . Сыйлоо боюнча комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:

1) Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн башчысы;
2) Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы;
3) КР финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын башчысы;
4) Кара-Көл шаардык балдар өспүрүмдөр спорт мектебинин директору;
5) Кара-Көл шаардык кеңешинин 3 депутаты.

2.3. Сыйлоо боюнча комиссиянын отуруму, комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса мыйзамдуу болуп эсептелет.

## 3. Комиссиянын милдеттери жана максаттары

3.1. Жобонун негизинде түзүлгөн сыйлоо боюнча комиссиянын ишин уюштуруу жана анын иштөөсүн камсыздоо Кара-Көл шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнө жүктөлөт. Комиссия өз отурумунда төмөнкү маселелерди карайт:

- жободо каралган документтерди карайт, изилдейт;

- тийиштүү документтерди пайдаланат;

- жободо көрсөтүлгөн спорттук иш-чараларды, республикалык, эл аралык органдардын документтеринин категорияларын аныктоого сунуштарын жиберет;

- туура эмес документтерди актылоого жиберет;

-Республикалык олимпиада, Азия оюндарында (имараттар ичинде), дүйнөлүк жана Азиялык, областтык чемпионаттарынын байгелүү орундарын ээлеген спортсмендерге, жобонун негизинде акчалай сыйлыктын өлчөмүн мыйзам чегинде аныктайт;

3.2. Акчалай сыйлыктар шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн сунушунун негизинде каралат.

3.3. Спорттук этиканы (тартипти) бузганда жана моралдык ката кетирилгенде сыйлануучуга сыйлык берилбейт.

## 4. Комиссиянын милдеттери

**4.1. Жүктөлгөн милдеттерине ылайык комиссия төмөнкү функцияларды аткарат:**

- сыйлоого көрсөтүлгөн спортчунун жеңишке жетишкендиги тууралуу керектүү кагаздарын тастыктайт, керек болгон учурда тийиштүү спорттук федерациясынан, мамлекеттик органдан маалыматтарды тактайт;
- мелдештин документтеринин баалуулугун аталган маселелер боюнча ченемдик-методикалык документтердин долбоорлоруна корутунду берет;
- тийиштүү мамлекеттик мекеме менен төмөнкү макулдашууларды карайт, чечим кабыл алат;
- спорттук иш- чаранын жобосун аныктайт.

**4.2.Комиссиянын төмөнкүлөргө укуктуу:**

- өзүнүн жыйындарында документтерди даярдоонун жүрүшү, документтерди сактоо шарттары жана сактоону камсыз кылуу, документтердин жоголушунун себептери жөнүндө мекеменин түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилерин угууга;

- комиссиянын жыйындарына консультант жана эксперт катары түзүмдүк бөлүнүштөрдүн адистерин, мамлекеттик спорт кызматынын мекемелеринин бөлөк уюмдардын өкүлдөрүн чакырууга;

- Зарылчылык пайда болгон учурда Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика укуктук маселелери жана коомдук уюмдар партиялар менен иштөө, идеология дин иштери боюнча турукутуу комиссиясынын отурумунда каралып, жобону өзгөртүүгө өз сунуштарын берүүгө укуктуу.

## 5. Акчалай сыйлоо

5.1. Олимпиадалык оюндар, Жаштар олимпиадасы, Азия оюндары (имараттар ичинде) Дүйнөлүк жана Азиялык, Кыргыз Республикасынын республикалык, облааттык чемпионаттарынын байгелүү орунун ээлеген спортчуларды, жаш машыктыруучуларды сыйлоо тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.

5.2.Республикалык, Азиялык, Дүйнөлүк чемпионаттарынын спорттук жарыштарынын учур талабына ылайык өзгөрүүлөрүнө байланыштуу (U-14-15-16-17) өспүрүмдөр жана чоңдор арасындагы жарыштар деп белгиленет. Спорттун түрлөрүнө жараша комиссиянын чечими менен аныкталат.

5.3. Чемпионаттардын тастыкталган документтеринде жарыштын аты белгиленсе спортчу (U-14,15,16,17 өспүрүмдөр жана чоңдор) ошол документтин негизинде сыйланат.

## 6. Спорттун командалык түрлөрү боюнча

6.1**.** Спорттун баардык түрлөрүн өнүктүрүү, колдоо максатында республикалык чемпионаттардын жеңүүчүлөрү акчалай сыйланууга тийиш.

6.2. Кыргыз Республикасынын чемпионатынын байгелүү орунду ээлеген шаардын курама командасын жана машыктыруучусун сыйлоо тиркемеге ылайык жүргүзүлөт.

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**